Х.Жээнбаев атындагы
мектеп – лицейи

# Тарых сабагы

5 – класс

## Темасы: Нумизматика




Мугалим: Эсенгулова Э.Ч.

Сканировано с CamScanner

**Күндөлүк сабактын план - конспектиси**

**ОББ:** ______________

**5 «а» классы**

**Күнү, айы, жылы:** 15.12.2022. **Предмети:** Тарых

**Сабактын темасы:** Нумизматика

**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү

**Колдонулган усулдар:** интерактивдүү, иллюстрацияланган

**Сабактын жабдылышы:** план – конспект, окуу китеби, сүрөттөр,ватман, чөнтөк телефон, ноутбук, окуучуларды өзүн-өзү баалоо баракчасы менен иштетүү.

**Предмет аралык байланыш:** математика, география, биология.

| № | Сабактын максаты: |
|---|---|
| 1. | **Билим берүүчүлүк:** Нумизматиканын тарыхка тийгизген таасири боюнча окуучуларга түшүнүк берүү, окуучуларга тема боюнча жаңы түшүнүктөргө ээ кылуу, алган билимдерин бышыкташат жана талкуулашат. |
| 2. | **Өнүктүрүүчүлүк:** Таанып билүүчүлүк, сынчыл ой – жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн жана саясий көз карашын өнүктүрүшөт, окуучулардын сынчыл ойлоо жана баалоо жөндөмдөрүн калыптандыруу, жазуу жана оозеки көндүмдөрүн өстүрүү. |
| 3. | **Тарбия берүүчүлүк:** Нумизматика илиминен керектүү маалыматтарды алып, алган маалыматтарды салыштыруу аркылуу аны турмушта колдоно билүүгө тарбиялоо жана жаңы медиялар аркылуу пайдалуу маалымат каражаттарын колдонууга окуучуларды үйрөтүү. |

**Сабактын жүрүшү:**

| № | Сабактын этабы (убагы) | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | НК | ПК | Баалоо Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | **Уюштуруу 1.1.Саламдашуу (1 мин.)** | *Саламдашуу, сабакты уюштуруу, окуучуларды тактоо.* | *Саламдашуу, сабакка керектүү окуу куралдарын даярдашат.* | | | |
| | **1.2. Мотивациялоо (1 мин.)** | *Мугалим окуучуларга жакшы маанай каалап, сабакты баштоого багыт коёт.* | *Жагымдуу атмосферанын негизинде сабактын маанайы түзүлөт.* | | | **Форматив.** |
| 2. | **Үй тапшырманы текшерүү (5 мин.)** | *Бүтүндөй класстын үй тапшырмасын аткарылышын баамдоо жана тууралыгын белгилөө, жетишпегендиктерин аныктоо.* | *Окуучулар үй тапшырманын аткарылышын көрсөтүшөт. Суроолорго жооп беришет.* | | | **Формтив.** |

Сканировано с CamScanner

| | |
|---|---|
| 3. | **Жаңы теманы түшүндүрүү** *(теманы, максатын айтуу, окуучуларды кызыктыра билүү, проблемалык кырдаалдарды түзүү, жаңы теманын маанисин көрсөтүү).* ***(15 мин.)*** **НК ПК :**<br><br>**Нумизматика** (от лат. *numisma*, б.-грек. νόμισμα — тыйын) – тыйын жана акча-товар мамилелерин үйрөтүүчү тарых илиминин көмөкчү болугу.<br><br>Алгачкы баскычы тыйын чогултуудан башталган. Орто кылымдарда Европанын шаарларында антикалык (байыркы римдик, гректик) тыйындардын менчик коллекциялары пайда болгон. Тыйын чогултуу, эски тыйындардын жоголуп турушу тыйын тарыхын окуп-үйрөнүүгө түрткү болгон. Коллекция ээлери окумуштуулардын жардамы менен тыйындарды сүреттөп, каталог түзүп изилдешкен. Чоң коллекцияларды сактай турган «мюнцкабинеттер» пайда болгон. Кийинки баскычта тыйындардын илимий классификациясы жана нумизматикалык материалдардын алгачкы изилдөөлөрү калыптанган.<br><br>Кагаз акчалары (биотистика), медалдарды, ордендерди, жетондорду, значокторду (фолеристика) изилдөө да нумизматикага кирет.<br><br>Нумизматика тарых илиминин көмөкчү болугу катары тарых, археология, саясий экономика, искусство жана тил проблемаларын чечүүдө маанилүү маалыматтарды берет. Товар-акча мамилелерин окуп-үйрөнүүдө нумизматика өз алдынча илим катары каралат. Нумизматиканын негизги милдети – акча системасын жана анын тарыхый доорлордогу өнүгүү процессин талдоо, ошондой эле бул жагынан алганда, нумизматика өлчөө-чендер жана таразалар жөнүндөгү метрология илими менен айкалышып кетет. Нумизматиканын негизги изилдөө методдорунун бири – тыйын салыктарынын (казыналарынын) жана өз алдынча табылган тыйындардын топографиясын түзүү. Натыйжада, байыркы соода жолдору, мамлекеттердин тыйын чыгаруу техникасы, өзгөчөлүктөрү, чыгарган жерлери, хронологиясы аныкталат. Археологиялык табылгалардын жашын аныктоодо нумизматикалык табылгалардын мааниси зор.<br><br>Нумизматика илиминде атайын кабыл алынган терминдер да колдонулат. Мисалы;<br><br>1. аверс – тыйындын бет маңдай жагы (адатта тыйынды чыгарган мамлекеттин герби же мамлекет башчысынын портрети түшүрүлөт);<br>2. реверс – тыйындын арткы бети;<br>3. гурт – тыйындын кыры (жылмакай, сүрөт же жазуу түшүрүлүп, жасалма тыйын чыгарууну татаалдантат);<br>4. монета талаасы – тыйындын эки жак бети;<br>5. легенда – тыйындагы жазуу;<br>6. номинал – тыйындын белгиленген баасы;<br>7. лигатура – күмүш, алтын, платина тыйындардагы баалуу эмес металлдын кошулмасы; #монеталык киреше – тыйындын номиналы менен тыйынды даярдоого кеткен баанын ортосундагы айырмачылык. Тыйын даярдалган металлдын баасы кошо эсептелет. |
| 4. | **Практикалык иш (10 мин.) НК ПК :**<br>Нумизматика илиминин тарыхта керектиги боюнча бүтүм чыгаруу.<br>• Окуучулардын топ-топ болуп иштөө жөндөмүн, аудитория алдында оозеки речь сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүү.<br>• Окуучулар маалыматты так жана туура пайдаланууга үйрөнүтүү, жаңы медиялар аркылуу пайдалуу маалыматтар менен камсыз кылуу.<br>• Сабакта бизге интерактивдүү оюндар абдан жакты жана тыйын, медалдардан көптөгөн маалымат алдык.<br>• google карта менен иштөө абдан кызыктуу болду.<br>Бул сабакта медиасабаттуулуктун нумизматикалык материалдар аркылуу өткөн доор тууралуу тарыхый маалыматтарды салыштыруучу элементтери колдонулду. |

Сканировано с CamScanner

| | |
|---|---|
| 5. | **Бышыктоо (8 мин.) НК ПК :**<br>Тыйындар бизге кандай маалымат бере алат?<br>1. химиялык- физикалык – жактан тыйындын жасалган материалын аныктайт.<br>2. тарыхый жактан-тарыхый доорлор жана хронология боюнча маалымат берет.<br>3. финансылык жактан-тыйындын наркы, чен бирдиги, боюнча маалымат берет.<br>Нумизматикадан биз предмет аралык байланыштык маалымат да алдык. |
| 6. | **Үйгө тапшырма берүү: НК ПК (1 мин.):**<br>Нумизматика деген теманы окуу китебинен окуп келүү, суроолорго жооп берүү. |
| 7. | **Жыйынтыктоо НК ПК (1 мин.) :**<br>Сабак силер үчүн кызыктуу өттүбү?<br>* Нумизматика илими эмнени үйрөтөт? Өз оюңарды жеткиликтүү деңгээлде айтып бере алдыңарбы?<br>* Жаңы тема боюнча толук жана туура жооп ала алдыңарбы? |
| 8. | **Баалоо: НК ПК (3 мин.):**<br>____________________<br>____________________<br>____________________ |

**Тесттик тапшырмалар. Нумизматика. 5 - класс**

Вопрос 1. Нумизматика деген эмне?

- Тыйындын тарыхын изилдөөчү илим
- Карталардын тарыхын изилдөөчү илим
- Эн белгилерди изилдөөчү илим

Вопрос 2. Аверс деген эмне?

- Тыйындын арткы бети
- Тыйындагы жазуу
- Тыйындын бет маңдай жагы

Вопрос 3. Тыйындагы жазуу эмне деп аталат?

- Аверс
- Реверс
- Легенда

Вопрос 4. Алгачкы тыйын кайда чегилип, чыгарылган?

- Мидияда
- Сирияда
- Лидияда

Вопрос 5. Кагаз акча биринчи жолу качан басып чыгарылган?

- 510-жылы
- 710-жылы
- 910-жылы

Вопрос 6. Байыркы кыргыздар акча ордуна эмнени колдонушкан?

- Пилдин сөөгүн
- Тыйын чычкандын терисин
- Каури үлүлдөрүн

Сканировано с CamScanner

Вопрос 7. Алгачкы банк кайсы жерде негизделген?

- Африкада
- Венецияда
- Меланезияда

Вопрос 8. Фандар деген эмне?

- Түрк кагандарынын мезгилиндеги тыйындар
- Түргөш кагандарынын жез тыйындары
- Карлуктар пайдаланган тыйындар

Вопрос 9. Караханиддер мамлекетинде күмүш акчалар эмне деп аталган?

- Фандар
- Динар
- Дирхем

Вопрос 10. Кыргыз сому качан киргизилген?

- 1991-жылы 31-августта
- 1993-жылы 3-майда
- 1993-жылы 10-майда

Сканировано с CamScanner